| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ** | | **НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ** |

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

9-июнь 2023-ж. № 06 Бишкек ш.

**Педагогика илимдери боюнча эксперттик кеңешти бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын 2021-жылдын 19-ноябрындагы №22 жана 2022-жылдын 12-декабрындагы № 17 буйруктарына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ №377 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ №12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын президиумунун 2023-жылдын 1-июнундагы № 236 токтомунун (№ 5э/к-4/2 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКтын педагогика илимдери боюнча эксперттик кеңешинин 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (физика) (авторефераты боюнча); 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика) (илимий эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча мүчөсү, педагогика илимдеринин доктору, профессор Мааткеримов Нурсапар Оролбекович И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу педагогика илимдери боюнча диссертациялык кеңештин курамына киргизилип жаткандыгына байланыштуу эксперттик кеңештин курамынан чыгарылсын.
2. Педагогика илимдеринин доктору, профессор Мамбетакунов Уланбек Эсенбекович 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы (авторефераты боюнча); 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (физика) (илимий эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын; 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (информатика жана билим берүүнү маалыматташтыруу) (илимий эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды кароо укугу менен педагогика илимдери боюнча эксперттик кеңештин курамына киргизилсин жана эксперттик кеңештин төрагасынын орун басары болуп дайындалсын.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**